КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
АБДЫКЕРИМ СЫДЫКОВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АБДЫКЕРИМ СЫДЫКОВ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ № 3-1-29

**Абдыкерим Сыдыков айылдык кеңештин биринчи сессиясы**

27.11.2024-жыл Виноградное айылы

**Абдыкерим Сыдыков айыл аймагынынын жергиликтүү Курултайды уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы ПЖ №271 Кезектеги III “Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” Кезектеги III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо Элдик Курултайдын Улуттук кеңешинин 2023-жылдын 16-декабрындагы № 16 чечими менен бекитилген Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө Жобого ылайык, Абдыкерим Сыдыков айылдык кеңешинин 1-сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Абдыкерим Сыдыков айыл аймагынын жергиликтүү жамааттарынын арасында делегаттарды шайлоо боюнча чогулуштар 2024-жылдын 4-5-декабрында Васильевка, Виноградное, Полевое, Привольное айылдарында өткөрүлсүн. Абдыкерим Сыдыков айыл аймагынын жергиликтүү курултайынын делегаттарын шайлоо боюнча жыйналыштарды өткөрүүгө жооптуу айылдык кеңештин депутаттарынын тизмеси жана графиги 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Абдыкерим Сыдыков айыл аймагынын жергиликтүү курултайынын курамы аймактагы калктын санына жараша 100 делегаттан турат. Жергиликтүү Курултайга делегаттарды шайлоо жана Абдыкерим Сыдыков айыл аймагындагы айылдардын калкынын санына жараша өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучулардын санынын квотасы 2-тиркемеге ылайык бекитилсин
3. Абдыкерим Сыдыков айыл аймагынын жергиликтүү курултайын уюштуруу жана откөрүү боюнча жумушчу топ 4 адам Васильевка

айылынан жана 4 адам Виноградное айылынан жалпы 7 адамдан турган курамы 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Абдыкерим Сыдыков айыл аймагынын жергиликтүү Курултайы 2024-жылдын 7-декабрында саат 15-00 дө айыл өкмөтүнүн имаратында өтөт.
5. Абдыкерим Сыдыков айыл өкмөтүнүн башчысы Абдыкерим Сыдыков айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топко “Элдик Курултайды даярдоого жана өткөрүүгө көмөк көрсөтсүн.
6. Бул токтом массалык маалымат каражаттары, социалдык тармактар, вотсап группалар аркылуу маалымат Абдыкерим Сыдыков айыл аймагынын жашоочуларына жеткирилсин.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **А.Дж.Киямидинов**